# Жакшыларым

Сөзү: Максат Жангазиев

Обону: Сыймык Бейшекеев

Күүгүмдөр күн нурунан эрип күндө

Күн батса, ай жарыгын берип түнгө

Жашоонун арабасы жүрөт тура

Жакшылар жүргөн үчүн жер үстүндө

Кайырма

Өзөктү санаа менен жерип күндө

Өрөпкүйм өзгөрүлгүм келип күндө

Жанашып алгычакты мен аларга

Жакшылар түгөнбөсүн жер үстүндө

Жай жылбай учат мезгил закымдаган

Жашоонун мыйзамынан башым да маң

Шордуу күн жакшыларды түгөткөндө

Шол кезде болот окшойт акыр заман

Кайырма

Жанымды соолуттурар жайдан качып

Жакшыны жүргүм келет жандай басып

Азгырык дүлөй турган чакта

Жакшынын үнүн угуу кандай бакыт

Кайырма